КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ
Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясы**

**24.07. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №90** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жергиликтүү жамааттарынын уставын бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан сунушталган айыл аймагынын жергиликтүү жамааттарынын уставын талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жергиликтүү жамааттарынын уставы бекитилсин.

2. Уставды белгиленген тартипте каттоодон өткөрүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясы**

**24.07. 2023-жыл. ТОКТОМ №91 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагында жерлердин бир түрүнөн башка категорияга которуу жөнүндө**

Жергиктүү курултайдын протоколдук чечимине ылайык заманбап ооруукана куруу үчүн Исхак-Полотхан айыл аймагынан таштак жайыт жерден 5 жер аянтынын багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн 13.07.2023-жылдагы №01-10/511 сунуш катын, №10 ҮБДТ кайрылуусун талкуулап чыгып Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1. Жергиликтүү курултайдын чечимине ылайык заманбап ооруукана куруу үчүн Исхак-Полотхан айыл аймагынан айыл чарбасына жараксыз жерден 5 гектар жер аянтынын багытын өзгөртүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө сунушталсын.

2. Токтомду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аткарууга алуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага: Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясы**

**24.07. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №92** **Жениш айылы.**

**Айылдык кеңештин токтомдорун жокко чыгаруу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз жыйырма сегизинчи сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1. Ж.Эркаевдин арызына негиз кирпич заводун куруу үчүн 5 гектар жер берүүгө урукат берүү жөнүндөгү Халмион айылдык кеңешин 17.09.2021-ж.№15-7 токтому, Т.Жоробековдун арызына ылайык өндүрүш ишканаларын ачуу, соода жана тейлөө комплекси, бассейн, сейил бак куруу үчүн 3 гектар жер аянтын ижарага берүү жөнүндө 16.08.2022-ж.№36 токтомдору жокко чыгарылсын.

2. Токтомду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аткарууга алуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарлышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Кожонов З.Ы.**